***Атизакова А.А.***

**Жалал-Абад областындагы миграция жана жумушсуздук**

Миграция – ар кандай (социалдык, экономикалык, саясий, экологиялык) себептер менен башка өлкөлөргө жана башка өлкөлөрдөн, туруктуу же убактылуу жашоо максатында жеке жактардын көчүп жүрүшү.

Жалпы эле миграция жана жумушсуздук проблемалары азыркы мезгилде окумуштуулар арасында терең кызыгууну жаратып, актуалдуу маселеге айланууда. Ошондой эле көптөгөн илимдердин да изилдөө обңектиси болуп калууда. Өлкөбүздөгү миграция жана жумушсуздук проблемасы биздин областыбызда да социалдык көрүнүш катары белгилүү. Жалал-Абад областындагы тышкы жана ички миграция боюнча маалымат бере кетсек: Акыркы мезгилде көпчүлүк элибиз турмуш шартын оңолтуу, ошондой эле келечекте жакшы жашоо үчүн башка мамлекеттерде иштеп жүргөндүгү баарыбызга маалым. Бул көрүнүш да мамлекетибиздеги жумушсуздуктун айынан болуп жаткандыгын көрсөтүп турат. Жалал-Абад областында да башка аймактардай эле миграциянын күч алып тургандыгы байкалат. Областыбызда тышкы миграция 35659 адамды түзгөн ал эми ички миграция 16597 адамды түзгөн. Шаар боюнча тышкы миграция 364 (Россияга) ички миграция 250 (Бишкек, Чүй) адамды түзгөн. Ушундан улам айта кетсек азыркы күндө мекендештерибиз чет өлкөлөрдө бирөөнүн колуна көз каранды болуп жүргөндүгү жан кейитет. Бул маселе боюнча мамлекет тарабынан да каралып жатат. Эгерде жарандарыбыз атайын миграция комитеттери аркылуу барышса, бардык жоопкерчилик комитетке жүктөлөт.

Миграция комитети эгерде бир адам чет өлкөгө иштөө үчүн жөнөп жаткан болсо, ага ар тараптан көмөк көрсөтөт. Мисалы, Россия өлкөсүнө кетип жаткан болсо атайын документ түзүлүп жөнөтүлөт. Чет өлкөдө жумуш издөөчүлөр үчүн атайын мекеме-уюмдар, эмгек биржалары, департаменттер иштейт. Миграция комитети аркылуу барсаңыз сиз ал жакта жатакана жана тамак-аш менен камсыз болосуз ошондой эле ал жакта сиздин укугуңуз тебеленбейт. Көпчүлүк жаштарыбыз күнүмдүк жашоо үчүн келечегин да ойлобой жүрүшөт. Чет өлкөдө жүргөн мезгилде ар түрдүү кырдаалга душаар болуп, кээ бир бөбөктөр жана ошондой эле ата-энелер өз жакындарынан айрылып жатпайбы.

Миграциялык процесстерди жөнгө салууда нормативдик укуктук актыларды билүү зарыл деп ойлоймун. Атап айтсак;

а) Кыргыз Республикасынын мыйзамы тышкы эмгек миграциясы жөнүндө Бишкек шаары Өкмөт үйү 2006-жылдын 13-январы №4.

б) Кыргыз Республикасынын Мыйзамы тышкы миграция жөнүндө, Бишкек шаары өкмөт үйү 2000-жылдын 17 жолу №261.

в) Кыргыз Республикасынын президентинин указы Кыргыз Республиксында миграциялык процесстерди жөнгө салуу боюнча кошумча чаралар жөнүндө, Бишкек шаары, Өкмөт үйү 2000-жылдын 20-майы ПУ №127.

г) Кыргыз Республикасынын 2010-жылга чейинки коцепциясы, Кыргыз Республикасынын президентинин 2004-жылдын 30-апрелдеги №151 жарлыгы менен бекитемин.

Жарандардын жашаган жери жана турган жери боюнча катталуу милдеттери.

Өлкөнүн жаштары ушул мыйзамдын жоболоруна ылайык мамлекеттик жарандардын, мамлекеттин жана коомдун алдындагы милдеттерин аткарыш үчүн зарыл шарттарды камсыз кылышы, ошондой эле ички жер которууну жөнгө салуу максатында мамлекеттин чегинде жашаган жана турган жери боюнча катталууга милдеттүү. Ички миграция боюнча ички жер которуу мамлекеттин жарандарынын ар кандай себептерден улам жашаган жерин туруктуу же убактылуу өзгөртүүсү.

Тышкы эмгек миграциясы эмгектик иш аракетин жүзөгө ашыруу максатында мыйзамдын негизинде ыктыярдуу тышка кетүүсү, ошондой эле чет өлөкөлүк жарандардын жана жарандыгы жок адамдардын биздин аймакка келүүсү.

Тышкы миграция өлкөнүн аймагындагы жерлерде жеке адамдардын көчүп жүрүшү. Биздин мамлекетке ички жер которуу жаатындагы ыйгарым укуктук мамлекеттик органдар

болуп, өлкөнүн тышкы иштер министрлигинин алдындагы миграциялык кызмат департаменти жана коргоо министирлигине ички жер которуу маселелери боюнча ыйгарым укук берилет.

Эмгекчи мигрант жөнгө салынган статуска ээ жана өзү жараны болбогон мамлекетке эмгектик иш аракетин жүргүзгөн адам.

Эмгек мигранттарына атайын квота берилет. Эмгек миграциясына берилген квота өлкөнүн эмгек ишмердигин аткаруу максатында келген чет өлкөлүк жарандардан же жарандыгы жок адамдардын жеткен чек санын белгилейт.

Эмгек миграциясына квота календар боюнча ар бир жыл башталганга чейин төрт ай мурда өкмөт тарабынан аныкталат, жана жогорку кеңешинин мыйзам чыгаруу жыйыны тарабынан бекитилет.

Кыргыз мамлекетине эмгекчи мигранттарды чакыруу максатын көздөгөн юридикалык жактар жана адамдар үчүн эмгек миграциясына карата квота эмгек миграциясына жыл сайын аныкталуучу квотанын негизинде кыргыз өкмөтүнүн алдындагы миграция жана демография боюнча мамагенство тарабынан белгиленет.

Мамлекетибизде атайын завод-фабрикалар, фирмалар курулуп, жаштарды өзүбүздүн эле мамлекетибизде иштетсе жакшы болоор эле. Мамлекетте 5 млн. 253 миң жаранбыз бар. Бирок ушунун көпчүлүгү башка өлкөлөрдө жүрүшөт. Өлкөбүздө жаш-бөбөктөр менен кары-картаңдар калышкан. Ал эми өлкөнү өнүктүрө турган билимдүү-илимдүү жаштарыбыз башка мамлекеттерди өнүктүрүп жүрүшөт. Миграциянын пайдалуу жана зыяндуу жактары да болуп жатат. Өлкөбүздө жумушсуздуктун негизинде миграция күч алып турган мезгил. Атайын иш-каналарга жумушчу алып жатканда конкурс жарыялап, ошонун негизинде жумушка орнотуш керек. Себеби конкурстун негизинде гана сапаттуу адис тандалып, иш каналар да сапаттуу иштеп калмак. Конкурс деген атаандаштыкты арттырат, атаандаш болгон жерде өнүгүү да болот. Азыркы күндө кээ бир иш каналар бул системага өтүп калышты. Бул боюнча азыркы күндө түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп жатат. Колунда диплому бар, бирок жумушу жок жаштарыбыз атайын конкурстарга катышып иш орундарына орношуп алса болот.

Миграциянын санын кыскартуу үчүн мамлекет ашыкча чыгымдарга жол койбостон, кичинекей болсо да эл керегине жараган ишканаларды курса, ошондо да бир нече адамдар жумуш менен камсыз болот. Азыркы жаштардын көпчүлүгү жумушсуздуктун айынан жаман жолдорго барып жатышат.

Колунан нуру төгүлгөн балдар башка мамлекеттерди гүлдөтүп, өнүктүрүп жүрүшөт. Жумушсуз жаштар окубай же иштешпей жаман жолдорго барып жатышат. Азыркы күндө Жалал-Абад областы боюнча жумушсуздардын саны 2007-жылы 21343, 2008- жылы 19771 адамды түзгөн. Жалал-Абад шаары боюнча 2007- жылы 1858, 2008- жылы 1701 адамды түзгөн. Эл жумушсуз калды деген сөз жакыр үй-бүлөлөр көбөйдү дегенди түшүндүрөт. Элдин жашоо шарты төмөндөсө мамлекет өнүкпөй эле кайра артка кетиши да мүмкүн. Бул боюнча мамлекет иштеп жатат, бирок көбүрөөк көңүл бурса жакшы болмок.